**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**7 класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Айнура таблицада көрсөтүлгөн, кургатылган мөмө-жемиштердин бардык түрүнүн ар биринен 200 граммдан буюртма (заказ) берген. Эгер товардын баасына төмөнкүлөр кирген болсо Айнура бул белек үчүн канча сом төлөйт:

- Таблицада көрсөтүлгөн баалар боюнча кургатылган жемиштердин наркы;
- Белектердин каалагандай түрүн коолдоп таңып берүү - 600 сом;
- Кардарга курьердин жеткирип берүүсү- 200 сом.

**Туура жооп берүүчү, бир туюнтманы тандагыла:**

А) 200·(35+95+114,4+75)+600+200
Б) 2·(35+95+114,4+75)+600+200
В) 0,2(350+950+1144+750)+600
Г) 0,2(0,35+0,95+11,44+0,75)+600+200



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Математикалык мазмундун чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: орто
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: туюнтма түзүү
- Максималдык балл: 1 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Danek**

«Danek» фирмасы экологиялык жактан таза шарттарда өстүрүлгөн жогорку сапаттагы кургатылган жемиштерден жана жаңгактардан жасалган белек комплекттерин сунуштайт. Алар даамдуу, аш болумдуу жана ден-соолукка пайдалуу. Мындай даамдуу белектер эч качан текчеде чаң басып жатпайт, тамшанып жешет.



Айнура апасына «Danek» фирмасынын кургатылган мөмө-жемиштердин топтомунан белек камдоону чечип буюртма кылды. Буюртма берилген күнү фирманын кампасында кургатылган жемиштердин төмөнкү түрлөрү болгон.

| № | Аты | Баасы 100 г үчүн, сом менен |
|---|---|---|
| 1 | Сары мейиз "Калифар" | 35,0 |
| 2 | Курма сорту "Королевский Меджуль" | 95,0 |
| 3 | Кешью | 114,4 |
| 4 | Мисте | 75,0 |

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Б) 2·(35+95+114,4+75)+600+200 |
| 0 | Башка жооп же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Таблицада шаардын базарларындагы кургатылган жемиштердин баасы (1 кг сом) көрсөтүлгөн.

| № | Аты | Danek сом/кг | Ош базары сом/кг | "Весна" соода борбору сом/кг |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сары мейиз "Калифар" | 350 | 250 | 263 |
| 2 | Курма сорту "Королевский Меджуль" | 950 | 900 | 1311 |
| 3 | Кешью | 1144 | 1060 | 1060 |
| 4 | Мисте | 750 | 680 | 700 |
| 5 | Кооздоп таңып берүү | 600 | 300 | 300 |
| 6 | Транспорттук кызматтар | 250 | 200 | 50 |

Бааларды изилдеп көрүп, Айнуранын апасы белек комплекттерин өзү жасоону чечти. Белек таблицадагы жемиштердин ар бир түрүнөн 200 граммдан түзүлдү. Эки окшош белекти өзү даярдаган, Айнуранын апасы акчадан үнөмдөдүм деген ишенимде болгон. Эгер апасы белектерди эң ыңгайлуу баада даярдоону тандап алса, анда ал кайсы соода мекемесинин кызматын пайдаланган?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) «Danek»

Б) Ош базары

В) «Весна» соода борбору

**Чыгарылышын жазгыла:**

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Математикалык мазмундун чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: чечмелөө
- Контекст: жеке
- Деңгээли: орто
- Жооптун форматы: кенен (толук) жооп берүү
- Баалоо объектиси: эсептөөлөрдү жүргүзөт
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: эксперттик

**Danek**

Айнуранын апасына кызынын белеги жагып, ал дагы курбуларына так ошондой белекти тартууламакчы болду. Бирок фирмага белектерге буюртма берерден мурун шаардын базарларында жана соода борборлордо кургатылган жемиштердин баасын билип коюуга кызыктар болду.



**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | 1) Danek<br>2·0,2(350+950+ 1144+750)+600+250=2126<br><br>2) Ош базары<br>2·0,2(250+900+1060+680)+300+200= =1656<br><br>3) "Весна" соода борбору<br>2·0,2(263+1311+1060+700)+300+50= =1683<br><br>1656<1683<2126<br>Жооп: Б) Ош базары |
| 1 | Б) Ош базары<br>Эсептөөдө каталар кетирилсе.<br>Мисалы: Ош базары 1666 же салыштыруу берилбесе |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Айнура жума күнкү акциядан пайдаланып, 1350 сомдон 1500 сомго чейинки топтом сатып алууну чечти. Айнура жума күнү кургатылган жемиштердин топтомун алгысы келген дагы эки курбусун ээрчитип келип, кайсы топтомдорду сатып алса болот (арзандатууну эске алуу менен).

Таблицада акцияга туура келген топтомдордун аталыштары көрсөтүлгөн.

**Бир нече туура жоопту тандагыла:**

| № | Топтомдун аты | Топтомдун баасы, сом |
|---|---|---|
| 1 | Жаңгактуу бейиш | 2000 |
| 2 | Жогорку сапаттагы кургак өрүк | 1700 |
| 3 | Падыша даамы | 1800 |




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Математикалык мазмундун чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: чечмелөө
- Контекст: жеке
- Деңгээли: жогорку
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: эсептөөлөрдү, пайыздарды аткаруу
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Danek**

«Danek» фирмасы ар жума күнү "Досуңду алып келип 15% арзандатуу ал","Эки досуңуду алып келип 20% арзандатуу ал" акциясын өткөрүшөт.



**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жогорку сапаттагы кургак өрүк жана Падыша даамы |
| 1 | Жогорку сапаттагы кургак өрүк же Падыша даамы |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |